Предмет: III саат. 18.11.2022

Сабактын темасы: Жугуштуу оорулар. Аксыл. Эхинококкоз жана альвеококкоз. Кургак учук.

Сабактын максаты:

1. Билим берүү: Жугуштуу оорулар аксыл, эхинококкоз жана альвеококкоз, кургак учук оорулары жөнүндө билишет.

2. Өнүктүрүү: Окуучулар жугуштуу ооруларды билишет ооруудан кандай сактануну үйрөнүшөт.

3. Тарбия берүү: Окуучулар өзүн таза тыкан тартиптүү алып жүрүүгө тарбияланышат.

Сабактын тиби: Жаңы билимди өздөштүрүү

Сабактын усулу: Интерактивдүү

Сабактын жабдылышы: Сүрөт, карточка

Сабактын жүрүшү: Уюштуруу
Дениң сакта жинде,
бекерчиге бербе.

Жаңы т. Мугалимдин иш аракети.
Окуучуларга жугуштуу оорулар жөнүндө маалымат берет сүрөттөрдү көрсөтөт. Оорудан кантип сактанууну үйрөтөт.

Окуучунун иш аракети
Мугалим айткан маалыматты жакшы угуп көңүл буруп оорудан кантип сактанууну үйрөтөт.

Эс алуу мүнөтү.

Кана балдар катарыбызды бузбай доскага чыгып ...маленькула оюнун ойнойбуз

Үй тапшырма
Жугуштуу оорулардан сактанууну үйрөнүү

## АКСЫЛ ООРУСУ

Аксыл оорусу менен малдар коп ооруп жатат . Аксыл оорусу малдан малга тез жугат. Бул оорулардын орчуп кетпоосу учун малды убагында дарылап туруусу керек.

## ЭХИНОКОККОЗ


Эхинококкоз менен негизинен кишилер жана уй жаныбарлары ооруйт. Ит, мышык ж.б. жаныбарлардын ичегисинде мителик кылып мите ичегиде осуп жетилет да, анын денесинин акыркы болукчосу жумурткалары менен кошо узулуп зан менен айлана-чойрого болунот, тегерегиндеги чоп, бакча, буюмдарды ж.б. булгайт. Коп жумурткалары ыландуу иттин жунуно жабышып жашайт.Алар абдан чыдамдуу келип айлана-чойродо бир нече айга чейин сакталат да адамга жана малга оору пайда кылуу коркунучун туудурат. Ичегидеги мителер осуп 55-60 кундун ичинде кадимкидей жетилген жумурткалуу митеге айланат .

## АЛЬВЕОКОККОЗ

Бул оору адамдардын боорунда кездешет ,кээде боордон башка жакка да тарап кетет.Альвеококкоз башка жакка тараганда журок, мээге, опкого кетиши мумкун. Негизинен булл оору 8-9 жыл мурда анда-санда кездешкен азыркы учурда коп кездешет. Булл дарттын кескин тарап кетишинин себеби санитардык жана профилактикалык чаралар убагында корулбогондуктон болууда. Бул малдан жугат.Атайын ушул дартты таратуучу булак болот. Ошол булактан иттерге.мышыктарга, башка жаныбарларга малга жугат да алардан тарап журуп отуруп адамга жугат. Бул коркунучтуу дарт.Анткени бул дартка кбылган адамдардын кобу отушуп кеткенде гана кайрылып атышат. Себеби адам организмине кирген альвеококкоз чон кан тамырлардын жанына жайгашып анны толугу менен тазалап алып салууга болбой калат.

Сканировано с CamScanner




Сканировано с CamScanner



# Кургак учук

Кургак учук - кургак учуктун микобактериясынан пайда болгон, көп учурда өпкөнү жабыркатуучу жугуштуу оору.

**Ар бир адам кургак учук менен ооруп калышы мүмкүн**

Оору бейтап адамдан дени сак адамга жөтөлүү, чүчкүрүү жана сүйлөшүү аркылуу жугушу ыктымал.

Эгерде Сизде же Сиздин жакындарыңызда төмөндөгүдөй белгилер:

- 2 ЖУМАДАН АШЫК ЖӨТӨЛҮҮ
- түнкүсүн тердөө
- дене табынын жогорулашы
- табиттин жоголушу
- салмактын азайышы
- алсыздык, чарчоо



пайда болсо жашаган жери боюнча ҮДБ/ҮДТ/ФАПтагы медициналык кызматкерге кайрылуу зарыл.

**Өпкөнүн кургак учугун жокко чыгаруу үчүн:**

- медицина кызматкеринин кеңешин алуу
- ҮМБ, ҮДТ/ФАПка какырыкты изилдөөгө тапшыруу
- көкүрөк клеткасынын органдарын рентгенден өткөрүү зарыл

"Кургак учук" дарты тастыкталган учурда оорулуу кургак учукка каршы дары каражаттарын дарылоо курсу толук аяктаганга чейин медициналык кызматкердин көзөмөлү менен үзгүлтүксүз, комплекстүү ичүүсү керек.

**Кургак учукту дарылоо 6 айдан кем эмес убакытка созулат**

Дарылануунү үзгүлтүккө учуратуу же дарылануунү өз алдынча токтотуп коюу, дарыланышы татаал жана узакка созула турган (2 жылга чейин) кургак учуктун дарыга-туруктуу (КУ-ДТ) оор түрүнүн өнүгүшүнө алып келет.

Стационардык же амбулатордук дарылоону дарыгер бейтап менен биргеликте дайындайт. Кургак учукту амбулатордук дарылоо бейтапка көнүмүш жашоосун улантууга, коомчулукта болууга мүмкүнчүлүк берет жана оорукана ичиндеги кургак учуктун оор түрлөрүнүн жугуу коркунучун азайтат.

**Кургак учук айыгат!**

Бул басылма Америка Кошмо Штаттарынын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу Америка элинин жардамы менен ишке ашырылды. Авторлордун ушул басылмада айтылган пикирлери USAID же АКШ өкмөтүнүн позициясын чагылдырбайт.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КРнын Саламаттык сактоо министрлигинин Эксперттик кеңеши тарабынан 2017-жылдын 10-мартында бекитилди
90 гр. кагаз. Форматы: 64х90, 1/4 Нускасы: 830 000 даана
«Алтын Тамга» ЖЧК басмаканасы Дареги: Бишкек ш., Орозбеков көч. 44

Сканировано с CamScanner